**Б. ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**К.Ш. ТОКТОМАМАТОВ АТЫНДАГЫ ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗСТАН ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Диссертациялык кеңеш Д 12.20.614**

*Кол жазма укугунда*
*УДК: 340.130.5 (575.2) (043.3)*

**ТАГАЕВ МИРЛАН КОНУРОВИЧ**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УКУКТУК СИСТЕМАСЫНДАГЫ УКУКТУН ФОРМАЛДУУ-ЮРИДИКАЛЫК БУЛАКТАРЫ

Адистик 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы

юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук
даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Жалал-Абад, 2021**

Эмгек Россия ИИМнин Санкт-Петербург университетинин мамлекет жана укуктун теориясы кафедрасында аткарылган.

**Илимий жетекчи** юридика илимдеринин доктору, профессор, Россия Федерациясынын жогорку мектебинин эмгек сиңирген ишкери, Россия ИИМнин Санкт-Петербург университетинин мамлекет жана укук теория кафедрасынын башчысы
**Нижник Надежда Степановна**

**Расмий оппоненттер:** юридика илимдеринин доктору, профессор,
Кыргызстан Эл аралык университетинин камкорчулар кеңешинин орун басары
**Асаналиев Тилек Асаналиевич**

юридика илимдеринин доктору, профессор, Санкт-Петербург прокуратура университетинин мамлекет жана укуктун теориясы жана тарыхы кафедрасынын профессору **Ломакина Ирина Борисовна**

**Жетектөөчү уюм:** Кыргыз Республикасынын Э.А. Алиев атындагы ИИМдин Академиясынын мамлекеттик укуктук дисциплиналар кафедрасы, Дареги: 720083, Бишкек ш., Ч. Валиханов көч., 1 А

Диссертация 2021-жылдын 26 февралында саат 9:00 до Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетине, К.Ш. Токтомаматов атындагы Эл аралык университетине жана Кыргызстан эл аралык университетине караштуу юридика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча Д 12.20.614 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот. Дареги: 720000, Жалал-Абад ш., Ленин көч., 57.

Диссертация менен Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин (720000, Жалал-Абад шаары, Ленин көчөсү, 57), К. Ш. Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин (720000, Жалал-Абад ш., Джениджок көчөсү, 30) жана Кыргызстан Эл аралык университетин (720007, Бишкек ш., Л. Толстой көчөсү, 17 А/1) китепканаларынан, ошондой эле ДКтин: http://www.jagu.kg сайтынан таанышууга болот.

Автореферат 2021-жылдын « 21» январында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы, ю.и.к.** **Пазылов Н.А.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

***Диссертациялык иштин актуалдуулугу*** заманбап кыргыз коомундагы коомдук мамилелерди жөнгө салууда формалдык юридикалык булактардын орунда комплекстик теоретикалык укуктук кайрадан талдап чыгуунун зарылдыгы менен шартталган. Глобалдашуунун шарттарында укуктук жөнгө салуунун натыйжалуугуна таасирин тийгизген детерминанттардын тобу маңыздуу кеңейди, ошого байланыштуу Кыргыз Республикасынын мамлекеттик укуктук системасынын өзгөрүүсүндөгү ар социалдык жөнгө салуучулардын өзгөрүүсү анын натыйжалуу ишке ашырылуусунун шарты болуп эсептелет.

Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасынын укуктук системасы өзүнүн социалдык маанилүүлүгүн байланыштуу укук менен жөнгө салынуусу милдеттүү болгон заманбап коомдун, мамлекеттин жана инсандын кызыкчылыктарын канааттандырууга багытталган калыптануу процессинде өнүгүп келүүдө. Ошондуктан мамлекеттин ырааттуу өнүгүүсүн туруктуу камсыз кылган ченемдик укуктук базасын түзүү заманбап Кыргызстандын мамлекеттик укуктук системасынын өнүгүүсүнүн приоритеттик багыты болуп саналат.

Укуктун формалдык юридикалык булактардын юридикалык жаратылышын изилдөө, алардын классификациясынын, укуктук актылардын системасынын курулуусунун түрлөрүнүн, принциптеринин критерийлерин аныктоо мамлекеттик органдардын ишмердүүлүгүнүн укук чыгаруучу, укук колдонуучу жана укукту интерпретациялоочу жактарын жана Евразиялык Союздун мамлекеттеринин өнүгүүсүн мүнөздөгөн детерминацияланган интеграциялык жана конвергациялык процесстер менен бирдиктүү укуктук мейкиндиктин түзүлүүсүнө түрткү жаратат.

Кыргыз Республикасынын укуктук системасында формалдык юридикалык булактардын ролун жана жайын аныктоо мындай маанилерге ээ болуп эсептелет:

– улуттук иденттүүлүгүн сактоого өнүгүп келе жаткан глобалдашуунун шарттарында өнүккөн жана умтулган заманбап мамлекетте коомдук мамилелерди укуктук жөнгө салуунун механизмдери жөнүндө билимдердин заманбап деңгээлин чагылдырган жаңы доктриналдык ыкмалардагы теоретикалык юриспруденциянын зарылдыгы менен шартталган теоретикалык методологиялык мааниси;

– укук чыгаруучулук жана укуктук нормаларды талкуулоонун суроолорун актуалдаштырган жана укуктук актылардын натыйжалуу тартиптелүүсүн, мыйзамчыгаруучулуктун булактарын системделүүсүн жана алардын ортосундагы вертикалдык жана горизонталдык байланыштардын аныкталуусун камсыз кылууга мүмкүнчүлүк жараткан Кыргыз Республикасынын улуттук укуктарынын булактарынын парадигмаларынын аныкталуусун талап кылган укук колдонуу ишмердүүлүгүнүн сапаттуу бирдей эместиги менен байланышкан практикалык мааниси;

– укуктук түрдүү субъектилеринин мыйзамдуулукту жана укуктук

тартипти камсыз кылуга катышуусуна тиешелүү болгон коомдогу саясий укуктук процесстерди камсыз кылуу суроолорунун комплексин чечүүнүн зарылдыгы менен детерминацияланган социалдык саясий маани.

Катарына укуктун булактары кирген укуктук системанын түзүмдүү функционалдык белгилерин жана анын өз алдынча түзүүчүлөрүн илимий талдоо суверендик Кыргызстандын мамлекеттик укуктук өнүгүүсүнүн багыттарын аынктоого түрткү жаратуусу милдеттүү болгон комплекстүү изилдөөнү жүргүзүүсүн талап кылат.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар жана негизги илимий изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Бул изилдөө инициативдүү болуп эсептелет.

**Изилдөөнүн максаты жана маселелери.** Диссертациялык иштин максаты улуттук укуктук системасын жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик укуктук уюшулуусунун модернизациялануусунун детерминанттарын маанилүү түзүүчүсү катары формалдык юридикалык булактардын мүнөздөмөсүндө.

Коюлган максатка жетүү үчүн диссертант тарабынан төмөнкү маселелер коюлуп, чечилген:

– укуктук ойлордун тарыхында укуктун булагы жөнүндө түшүнүктөрдүн негизги этаптарын аныктоо;

– заманбап юридикалык илимде укукту түшүнүүнүн плюрализминин шарттарында укуктун булактарынын ролун жана ордун баалоого болгон негизги ыкмаларын аныктоо;

– системалык талдоонун негизинде заманбап коомдун социалдык жөнгө салуучуларынын системасында укуктун формалдык юридикалык булактарынын өнүгүүсүнүн негизги тенденцияларын жана перспективаларын аныктоо;

– заманбап кыргыз укугунун булагы катары ченемдик укуктук актылардын белгилерин аныктоо;

– кыргыз коомунун социалдык жөнгө салуучуларынын системасында укуктук салттардын ордун мүнөздөө;

– заманбап кыргыз укугунун укуктук көрсөтмөлөрүн бекитүүнүн формалары катары юридикалык прецеденттердин өнүгүүсүнүн перспективаларын аныктоо;

– укуктун объективдешүүсүнүн сырткы формалары катары ченемдик келишимдин айырмалоочу белгилерин аныктоо.

**Диссертациялык иштин илимий жаңылыгы** бүтүн монографиялык изилдөөнү түзүп, улуттук укуктук системасынын парадигмасын жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик укуктук уюшулуусун модернизациялануусунун детерминанттарынын маанилүү түзүүчүсү катары формалдык юридикалык булактардын атрибутивдик мүнөздөмөлөрүн аныктоо. Диссертацияда:

– укуктун булагы жана укуктун булактарынын түрлөрү жөнүндө түшүнүктөрдүн калыптануусунун жана өнүгүүсүнүн негизги этаптары аныкталган;

– укукту түшүнүүгө болгон салттык жана интегративдик ыкмалардын контекстинде укуктун булактарынын ролун жана ордун баалоого болгон негизги ыкмалар аныкталды;

– заманбап кыргыз коомунда коомдук мамилелерди жөнгө салууда укуктун жетектөөчү ролу жөнүндө жана ченемдик укуктук актынын, укуктук салттын жана ченемдик келишимдин формаларында укуктук көрсөтмөлөрдү бекитүү жөнүндө тыянактар жасалган;

– заманбап кыргыз укугунун ченемдик укуктук актысынын белгилери аныкталган;

– глобалдашуу жана улуттук иденттүүлүктү сактоонун шарттарында кыргыз коомунун социалдык жөнгө салуучулар системасындагы укуктук салттардын орду аныкталган;

– заманбап Кыргызстандын укуктук чындыгын курууда юридикалык прецедентти колдонуунун перспективалары аныкталган;

– укуктун объективдешүүсүнүн сырткы формасы катары ченемдик келишимдеринин айырмалоочу белгилери аныкталган.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси** алардын жыйынтыктары төмөнкүлөрдө колдонулуусунун мүмкүндүгү менен аныкталат: а) “укуктун булагы” социо юридикалык феномендин талдануусу менен, глобалдашуу шартында мамлекеттин укуктук системасыын изилдөө менен, Кыргыз Республикасынын мыйзамчыгаруучулугунун системасын түзүүнүн теоретикалык укуктук аспектилерин изилдөө менен байланышкан илимий изилдөө ишмердүүлүгүндө; б) укуктун объективдешүү процессин чагылдырган түрдүү формаларда укуктук көрсөтмөлөрдү бекитүүнүн механизмдерин жакшыртууга, Кыргыз Республикасынын мыйзамчыгаруучулук органдарынын ишмердүүлүгүн жакшыртууга багытталган укук чыгаруу ишмердүүлүгүндө; в) «Мамлекеттин жана укуктун теориясы»; «Укуктун философиясы), «Кыргыз Республикасынын конституциялык укугу», «Кыргыз Республикасынын мамлекетинин жана укугунун тарыхы» сабактарын окутууда жогорку билим берүү уюмдарынын билим берүү процессинде.

**Жактоого чыгарылган диссертациянын негизги жоболору:**

1. Укуктун сырткы көрүнүшүнүн расмий формаларын түшүнүү максатка ылайыктуу болгон «укуктун формалдык юридикалык булактары» түшүнүгүн изилдөө түзгөн предметтик чөйрөдөгү негизги теоретикалык укуктук категориянын негизинде укуктун формаларынын жана булактарынын концепцияларындагы теоретикалык методологиялык айырмачылыктарды чечүүгө мүмкүнчүлүк жараткан универсалдык ыкма сунушталган.

2. Заманбап юридикалык илимде укукту колдонууга болгон ыкмалардын плюрализминин контекстинде укуктун булактарынын маанилүүлүгү конфецептуалдаштырылган. Автор табигый укуктун бардык теориялары позитивдик укуктун бар болуусун түшүндүрөт: социалдык нормалар сөздүн формалдык маанисинде укуктун чыныгы булагы болгон ченемдик актыларда, салттарда, соттук чечимдерди объективдештирилген

юридикалык мааниде аныкталгандыкка ээ болот. Укукту түшүнүүнүн социологиялык контекстинде укуктун булагы болуп формалдык укуктун материалды негизи болгон мамлекет тарабынан коргоочу жөнгө салуучу таасирге муктаж болгон коомдук мамилелер эсептелет. Постклассикалык укуктук колдонуунун көз карашы менен укуктун булактарын түшүнүүдөгү адамдын фактолорунун басымдуу ролун таануу менен мамлекеттин укуктук чындыгын куруудагы ролун укукту чыгарган субъект катары эске алуу зарыл. Укуктун булактары укуктун нормалардын объективдешүүсүнүн формасы болуп эсептелип, алардын ичинен социалдык мамилелердин катышуучулары практикада аларга милдеттүү болгон аракеттердин эрежелерин эске алып, аларды аракеттердин укук ченемдүүлүгүнүн критерийи жана укук колдонуу ишмердүүлүгүнүн негизи катары карайт.

3. Укук чындыкка айлануусу үчүн сырткы билдирүүгө ээ болуусу тууралуу тыянак негизделген. Нормалар юридикалык болуп эсептелет, эгерде алар мамлекет тарабынан расмий түрдө таанылган бекитилүүгө ээ болсо. Укук башка социалдык жөнгө салуучулардын айырмалаган мүнөздөмөлөргө ээ, алгач – мамлекет тарабынан камсыздалган жалпыга милдеттүү болгон мүнөз.

4. Кыргыз Республикасынын укуктук системасындагы укуктун формалдык юридикалык булактары позитивдик укуктун нормаларынын ээси болуп гана аныкталат. Укуктун формалдык юридикалык булактары Кыргыз Республикасында расмий түрдө таанылган нормалардын жалпыга милдеттүү болгон жана кепилденген белгилерине ээ болгон суверендин буйруктары катары каралуусу мүмкүн.

Заманбап кыргыз укугунун формалдык юридикалык булактарынын системасы өзүнө укуктук салттардын, ченемдик келишимдин жана ченемдик укуктук актынын бири бири менен өз ара байланышкан түзүмдүү функционалдык элементтери катары камтыйт. Соттук прецедентти жана юридикалык доктринанын Кыргызстандагы улуттук укуктун формалдык булактары катары таануу үчүн негиздер жок.

Укуктук көрсөтмөлөрдү бекиткен булактарды дифференцирлөөнүн негизги критерийлери болуп мамлекеттик бийликтик көрсөтмөлөр эсептелет. Юридикалык маанилүүлүк заманбап кыргыз укугунун формалдык булактарынын ички системдешүүсү үчүн негиз болуп саналат.

5. Кыргыз угунун негизги формасы болуп Кыргыз Республикасынын территориясындагы жарандын милдеттүү аракеттери жөнүндө маалыматты камтыган текст эсептелет. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик юрисдикциясынын чегинде күчүнө ээ болгон ченемдик актылардын жыйындысы анын улуттук мыйзамчыгаруучулугунун системасын түзөт. ченемдик укуктук актысынын атайлаштырылбаган субъектилердин тобуна жөнгө салуучу коргоочу таасирин тийгизүү боюнча аракетин аткарган Кыргыз Республикасындагы коомдук мамилелерди жөнгө салган юридикалык күчкө ээ болгон мыйзамду тартип менен аныкталып, кабыл алынган жалпыланган мүнөздөлгөн аракеттердин эрежелерин камтыган расмий документтерди түзүү боюнча атайын мамлекеттик органдардын

жыйынтыгы катары автордун мүнөздөмөсү сунушталган.

6. Кыргыз Республикасынын формалдык юридикалык булактарынын типтик эмес маңызын кокреттөөдө укуктук салттын Кыргыз Республикасыынын формалдык юридикалык булактарынын системасындагы орду аныкталган. Укуктук салттын укуктун булагы катары Кыргыз Республикасынын укуктук системасындагы мындай формаларда болуусу аныкталган: иштиктүү жүгүртүүнүн салты, улуттук салты.

7. Ченемдик келишим укуктун булактары катары укук чыгаруучу ыйгарымдарга ээ болгон бир нече субъектилердин бирдиктүү пикирге келүү максатында ага жетүүнүн кесепеттери катары жаңы укуктук нормаларды аныктоо жөнүндө келишимди түзгөндүгү аныкталды. Кыргыз Республикасы тарабынан таанылган эл аралык укуктук актылар, жалпыга таанымал эл аралык укуктун принциптери жана нормалары, Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери, ыйгарымдардын бөлүштүрүү боюнча муниципалдык түзүлмөлөрдүн ортосундагы муниципалдык башкаруу чөйрөсүндөгү келишимдер Кыргызстандагы коомдук мамилелерди жөнгө салуу үчүн маанилүү болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын укугунун булактары катары ченемдик келишимдер системасындагы негизги орунда эл аралык келишимдер ээлейт. Кыргыз Республикасы тарабынан таанылган эл аралык укуктук актылар аны укуктук системасынын түзүмдүү бөлүгү болуу менен биргеликте иштеп жаткан кыргыз мыйзамчыгаруучулукка ылайык аткарылуусу милдеттүү болгон укуктук жөнгө салуунун каражаты катары колдонулган укуктун булактарынын келип чыккан салттык эмес норма катары кароо зарыл. Укуктун булактардын иерархиялык системасында бул булактар ички мамлекеттик ченемдик укуктук актыларга салыштырмалуу төмөнкү абалга ээ боулп, алардын ишке ашырылуусу үчүн аларда бекитилген ички кыргыз мыйзамчыгаруучулугунун талаптарынын жана принциптеринин негиздери алынуусу милдеттүү.

Кыргызстандын эл аралык келишимдеринин укуктун булактары катары таанылуусу үчүн эки шарттарды эске алуу зарыл:

– аларды Кыргыз Республикасы тарабынан таанылуусу;

– алардын Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жоболоруна туура келүүсү.

Изилдөөнүн жыйынтыктары ченемдик келишимдин статусун келишимдик жөнгө салынсуунун маанисинин жана ролунуну күчөтүлүү шарттарында ырааттуулук менен жогорулап, ченемдик келишимдин мааниси укуктун булактары катары өсөт.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Диссертациялык изилдөөнүн илимий жыйынтыктары автор тарабынан жеке алынган; жактоого чыгарылган жоболор диссертант тарабынан жеке түрдө иштелип чыккан.

**Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробациясы.** Диссертация Россиянын ИИМдин Санкт-Петербург университетинин мамлекеттин жана укуктун теориясы кафедрасында аткарылган.

Диссертациялык изилдөөнүн негизги жоболору жана тыянактары

изилдөөчү тарабынан төмөнкү эл аралык, жалпы россиялык, республикалык, жождор аралык илимий теоретикалык жана практикалык конференцияларда баяндалган: «Проблемы права в современной России» (Санкт-Петербург политехникалык университети, 23-апрель 2012-ж.); «Соблюдение международных стандартов демократических выборов: проблемы и перспективы». (СПб., МПА КМШ Парламенттик борбору, 7-декабрь 2012-ж.); «Правоохранительная деятельность органов внутренних дел России в контексте современных научных исследований» (Россиянын ИИМдин Санкт-Петербург университети, 26-апрель 2012-ж.) жана башкалар.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын публикациялардагы чагылдырылуусунун толуктугу.** Бул изилдөөнүн жыйынтыктары КР ЖАК тарабынан сунушталган жана башка журналдарда жарыкка чыккан отуз үч илимий макалаларда чагылдырылган.

**Диссертациянын түзүмү жана көлөмү.** Диссертация Кыргыз Республикасынын ЖАК тарабынан коюлган тийиштүү талаптарга ылайык аткарылган. Анын түзүмү изилдөөнүн максаттары жана маселелери менен аныкталган жана киришүүдөн, алты бөлүм бириктирген эки главадан, жана ошондой эле колдонулган булактардын тизмесинен турат.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришинде** изилдөөнүн темасынын актуалдуулуг негизделет, анын иштелгендигинин даражасы жарыкталат, изилдөөнүн объектиси, предмети, максаты, маселелери, методологиялык жана теоретикалык негиздери аныкталат, диссертациянын булактык базасы, изилдөөнүн илимий жаңылыгы мүнөздөлөт, жактоого чыгарылган негизги жоболору берилет, иштин теоретикалык жана практикалык маанилүүлүгү аныкталган, изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробациясы жана диссертациянын түзүмү тууралуу маалымат берилет.

**«Укуктун булагы социо юридикалык феномен катары» аттуу биринчи глава** укуктук ойдун өнүгүүсүнүн түрдүү этаптарында жана ошондой эле заманбап юридикалык илимде орун алган укукту түшүнүүнүн түрдүү типтеринин контекстинде укуктун булактары жөнүндө түшүнүктөрдүн түзүлүү процессинин талдануусуна арналган.

***«Укуктун ойдун тарыхында укуктун булактары тууралуу түшүнүктөрдүн эволюциясы» биринчи бөлүмүндө*** – «укуктун булактары» жана укуктун булактарын заманбап юридикалык илимде кароо боюнча түшүнүктөрдүн өнүгүүсүнүн негизги этаптарына мүнөздөмө берилген.

Диссертацияда укуктун булактары тууралуу түшүнүктүн пайда болуусу жана эволюциясы диссертант тарабынан укуктун генетикалык (тарыхый) булактарын аныктоо эволюциясынын ар бир этабында социо маданий шартталгандыгын түшүндүргөндүгүн, ал эми укуктун өндүрүлүү (башкача айтканда укуктун булактары синхрондук, түзүмдүү аспектиде) механизминин экспертациясы анын тарыхый шартталгандыгынан көз каранды болгондугун эске алуу менен укуктун генесинин талдануусунун (генетикалык же

диахрондук ыкма) жана укуктун социо маданий шартталгандыгынын контекстинде каралган.

Диссертацияда биринчи жолу укуктун булактары тууралуу эскертүү Байыркы Римде болгондугу белгиленген. Тит Ливиф өзүннү «Рим тарыхында» XII таблиц мыйзамында азыркы рим укугу курулган мыйзамдардын негизи болгондугун белгилөөгө умтулуп, «бардык публикалык жана жеке укуктун булагы» деп эсептеген. Ошондон кийин «укуктун булактары» түшүнүгү укуктун нормалары же укуктун жазылбаган нормаларын санкцияланбаган колдонуусун түшүнүгүн бекиткен укуктук көрүнүштүн пайда болуусун мүнөздөп, теоретикалык юриспруденцияда борбордук болуп эсептелет.

Укуктун булактары тууралуу түшүнүктөрдүн өнүгүүсүндө мындай негизги этаптары бөлүнгөн:

– байыркы жана орто кылымдардагы саясий укуктук ойлордогоу укуктун булактары тууралуу түшүнүктөрдү куруу;

– укукту колдонуунун классикалык типтерин куруунун шарттарында Жаңы мезгилдин изилдөөчүлөрүнүн эмгектеринде укуктун булактырынын мүнөздөмөсү;

– Жаңы мезгилде укукту түшүнүүдөгү ыкмалардын көптүгүнүн курулуусунун шарттарында түшүнүктөрдүн өнүгүүсү.

Диссертациялык көйгөйлөрдүн тарыхый талдануусу укуктун булактары тууралуу түшүнүктөрдүн өнүгүүсүнө маанилүү салымды булардин киргизгендигин көрсөттү:

– XIX – XX кылымдын башындагы юристтер, коомдук мамилелердин социалдык жөнгө салуучуларынын көптүгүнө жана укуктун түрдүү формаларынын ордуна көңүл бөлгөн (Н. М. Коркунов, Н. Л. Дювернуа, В. С. Соловьев, Б. А. Кистяковский, П. И. Новгородцев, Л. И. Петражицкий, И. А. Покровский, Е. Н. Трубецкой, В. М. Хвостов, Н. Е. Чижов, Б. Н. Чичерин, И. В. Михайловский, И. А. Покровский, И. А. Ильин, Н. А. Гредескул жана башкалар);

– өзүнүн көңүлүн совет укугунун формалдык булактарын изилдөөгө арнаган XX кылымдын изилдөөчүлөрү (Н. Г. Александров, Л. С. Галесник, С. А. Голунский, Н. Л. Гранат, Ю. И. Гревцов, С. Л. Зивс, О. С. Иоффе, С. Ф. Кечекьян, О. Э. Лейст, Р. З. Лившиц, О. В. Мартышин, И. Б. Новицкий, Е. Б. Пашуканис, Л. И. Спиридонов, М. С. Строгович, М. Д. Шаргородский, А. Ф. Шебанов, Л. С. Явич жана башкалар);

– XX кылымдын аягында –XXI кылымдын башында укукту түшүнүүнүн плюрализминин шарттарында укуктун булактарынын талдоосун жүргүзгөн окумуштуулар (С. С. Алексеев, В. К. Бабаев, М. И. Байтин, В. М. Баранов, А. Б. Венгеров, В. Д. Зорькин, В. П. Казимирчук, Д. А. Керимов, И. Ю. Козлихин, С. А. Комаров, В. Н. Кудрявцев, В. В. Лазарев, М. Н. Марченко, С. А. Муромцев, В. С. Нерсесянц, Н. С. Нижник, С. В. Паленина, А. В. Поляков, Р. А. Ромашов, А. А. Саидов, Л. Р. Сюкияйнен, Ю. А. Тихомиров, В. А. Толстик, Б. Н. Топорнин, В. А. Четвернин, И. Л. Честнов, В. Е. Чиркин жана башкалар) жана түрдүү

укуктук үй бүлөлөргө таандык болгон мамлекеттердеги социалдык жөнгө салуучуларга ачыкталган кеңири мүнөздөмө берген окумуштуулар (Р. Давид, К. Жоффре-Спинози, Ж. Карбонье, Ж. Л. Бержель, Кр. Осакве, Ж. Маритен, П. Сандевуар, Р. Уолкер, Э. Северен жана башкалар).

Бүгүнкү күнгө чейин юридикалык илимде укуктун булактарынын маңызын түшүнүү боюнча бирдиктүү ыкманын жок болгондугу аныкталган. Мамлекеттин жана укуктун булактарынын заманбап теориясы бир нече башка мааниде каралат:

– мамлекет тарабынан жөнгө салуучу коргоочу таасирди талап кылган коомдук мамилелер катары жана ошого ылайык тийиштүү укуктук нормалардын пайда болуусун шарттаган (укуктун материалдык булактары – коомдун жашоосунун объективдештирилген материалдык шарттары, кызыкчылыктар, адамдардын керектөөсү, менчиктин формалары);

– социалдык укуктук жөнгө салуунун маңызын чагылдырган жана укуктун чыгарылуусуна олуттуу таасирин тийгизген идеялар, көз караштар, териялар (укуктун идеалдуу булактары – объективдештирилген укуктук мадаияти, укуктук аң сезим, укуктук доктрина);

– укуктук нормалардын көрсөтмөлөрдүн расмий билдирүүсүнүн формалары (укуктун формалдык юридикалык булактары – мамлекеттик кепилдиктер жана санкциялардын системасы менен камсыз болгон жалпыга маанилүү болгон аракеттердин эрежелери бекитилген бийликтик мүнөздөгү түзүлгөн жана расмий тартипте кабыл алынган көрсөтмөлөр).

Юридикалык адабияттарда формалдык юридикалык булактар көп учурда укуктун формалары катары аныкталган. Ошону менен биргеликте «укуктун булактары» жана «укуктун формасый түшүнүктөрүнүн айкалышуусунун суроосу талаш бойдон калууда. «Укуктун буоагы» түшүнүгүнүн маңыздуу толуктоочусу болуп булар эсептелүүсү мүмкүн: укуктук норманын сапатын билдирген эрежени билдирген форма; юридикалык нормалар болгон болгон жалгыз «резервуар» (С. С. Алексеев); укуктук норманын аныкталуу жана билдирүү формасы (С. Ф. Кечекьян, Д. А. Керимов, Н. Я. разумович); мамлекеттин норма чыгаруучу ишмердүүлүгү же бул ишмердүүлүктүн жыйынтыгы (В. Е. Чиркин). Заманбап юридикалык адабияттардын талдоосу көрсөткөндөй укуктун формалдык юридикалык булактарын аныктоого болгон ыкмалардагы айырмачылыктар принципиалдуу мүнөзгө ээ эмес: изилдөөчүлөр өзүнүн көңүлүн укуктун түзүлүүсүнө жана анын бар болуусунун формасына, формалдык объективделген ишмердүүлүгүнө басым жасайт.

***«Заманбай юридикалык илимде укукту түшүнүүгө болгон түрдүү ыкмалардын контекстинде укуктун булактарынын түрлөрү» экинчи бөлүмүндө –*** укукту түшүнүүгө болгон философиялык укуктук ыкманы эске алуу менен аткарылган укуктун булактарынын типологиясынын жыйынтыктары көрсөтүлгөн.

Диссертант укуктун булактары – бул милдеттүү болгон социалдык нормалардын коом тарабынан таанылуулусунун укук колдонуу мүнөзү менен шартталган ыкмасы болгондугуна таянат. Укуктун булактарыны изилдөөгө

болгон ыкмалар укук колдонууну укуктун жалпы теоретикалык белгилеринин жана ага болгон мамиледе практикалык жалпы белгилеринин жыйындысы катары мүнөздөлгөн укуктун белгилүү образы» болгондугун алдын ала аныктайт [Поляков, А. В. Общая теория права [Текст]: Курс лекций / А. В. Поляков. – СПб., 2001. – С. 37]. «Укук колдонуунун тиби юридикалык таануунун парадигмасын [Нерсесянц В. С. Философия права Гегеля [Текст] / В. С. Нерсесянц. – М., 1998. – С. 132], укуктун булактарынын жаратылышын жана маңызын аныктоого болгон ыкмаларды аныктайт (маанилик моделин, принцибин жана үлгүсүн).

«Укуктун булактары» феноменин талдоо үчүн заманбап юриспруденциянын теориясындагы плюрализмдин бар болгондугу шарттарында классикалык түрүнөн сырткары (юснатурализс, нормативизм, социологиялык юриспруденция) либертардык юриспруденция (В. С. Нерсесянц, В. А. Лапаева, В. А. Четвернин, Н. В. Варламова), коммуникативдик концепциясы (А. В. Поляков) жана антропологиялык укуктук теория (В. А. Бачинин, А. И. Ковлер, Н. Рулан, И. Л. Честнов) менен сунушталган постклассикалык укуктук колдонуу өнүккөндүгүндө өзгөчө мааниге ээ.

Табигый укуктку концепциянын тарапкерлери табигый укуктун булактары (укуктук нормалар) болуп жаратылыш, коом, Кудай деп эсептейт. Табигый укуктун булактары катары юснатуралисттер адамдын аң сезимин эсептеп, мыйзамчыгаруучунун эркин тааныбайт.

Юридикалык позитивизм принципиалдуу түрдө позитивдик укуктан башканы (табигый) баш тартат. Укуктун жаратылышында позитивисттер жаратылыштын же Кудайдын аң сезиминин универсалдуу мыйзамын көргөн эмес жана мамлекеттин эркин билдирген адамдын өзүн белгилеп, нормаларды мамлекет чыгаргандыгын колдойт. Укук мамлекеттик бийлик менен түзүлгөн жана камсыздалган сырткы формасынын белгилери менен билдирилген. Укуктун булактары – укуктук көрсөтмөлөрдүн юридикалык бекитилүүсүнүн жана сырткы формасы.

«Тирүү укук» негизги категориясы болгон юридикалык позитивизмге (нормативизмге) каршы болгон он тогузунчу кылымдын аягында түзүлгөн укукту түшүнүүнүн социологиялык концепцисы эсептелет. Анткени укук – «бар болгон», «милдеттүү» эмес, башкача айтканда жашоодо реалдуу болгон, мыйзамдардын жыйнагындай эме, укуктун булактарыын мүнөздөөдө көңүл анын укуку түзүү процессинде иштөө механизминде социо маданий шартталгандыгына көңүл бөлүнөт. Укуктун булактары коомдун сырткы керектөөсүнүн (социумдун керектөөлөрү жөнүндө элитанын жана референттик топ тууралуу түшүнүктөр) интериаризация механизмин катары каралып ченемдик көрсөтмөлөрдүн (күтүү - экспектация) мүмкүн болгон, милдетүү жана тыюу салынган аракеттердин жана массалык жүрүм турумдардын ченемдик тексттерде белги формасында бекитилген социалдык түшүнүктөргө ылайык формасына айланат [Честнов, И. Л. Постклассичексая теория права [Текст] / И. Л. Честнов. – СПб., 2012. – С. 32.].

Либертарная юриспруденция, коммуникативдикя концепция, укуктун

феноменологиялык теориясы (Н. Н. Алексеев, Г. Радбрух, Г. Коинг, Г. Фехнер, В. Майхофер, Л. Рекасенс-Сикс, Э. Гарсия-Мейнез, Х. Ламбисес де Асаведо, К. Коссио, П. Амселек и др.) укукту татаал, көп аспектилүү, өнүккөн социалдык көрүнүш катары көп тараптуу жактарын, көрүнүштөрүн жана мүнөздөмөлөрүн каттоого түрткү жаратат жана «укуктун булактары» феномени тууралуу түшүнүктөрдү тереңдетет. Бирок укукту түшүнүүнүн бир да тиби бүгүнкү күндө «өзүнүн оппоненттерин өзүнүн тууралыгына, көп негиздүүлүгүнө ишендире алган жок» [Источник права: классическая и постклассическая парадигмы / Под ред. И. Л. Честнова. – СПб., 2011. – С. 140].

Диссертацияда булактардын мүнөздөмөсү жана алардын классификациясы юридикалык позитивим контекстинде аткарылган. Укуктун булактары *юридикалык бекитүү жана укуктук көрсөтмөлөрдүн сырткы формасы катары* каралат.

Формалдык юридикалык булактар диссертацияда мындай түрдө каралат:

– *ченемдик укуктук акт* – атайлаштырылбаган субъектилердин тобуна жайылган жөнгө салуучу таасирге ээ болгон жалпы мүнөздөгү (укуктун нормалары) аракеттердин эрежелерин өзүнө камтыган мамлекет тарабынан аныкталган процедуранын тартибинде мамлекет тарабынан кабыл алынган расмий документ;

– *укуктук салт* – көп жолу кайталанган жана мамлекет тарабынан укуктук жөнгө салуучу катары кабыл алынган адатка кирген коомдун өнүгүү процессинде пайда болгон жүрүм турум эрежелери;

– *диний текст* – чиркөө менен тыгыз байланыштын жыйынтыгында жалпы мүнөзгө мамлекет тарабына ээ болгон диний нормалардын (канондордун) жыйындысы;

– *укуктук прецедент* – конкреттүү юридикалык иш боюнча компетенттүү мамлекеттик органдын бир деңгээлдеги же төмөн турган органдардын окшош иштер боюнча андан кийинки каралуусунда эталон (үлгү) катары колдонулган чечими (чечимди кабыл алуу субъектисине жараша соттук жана административдик прецедент деп бөлүнөт);

– *ченемдик келишим* – сүйлөшкөн жактардын укуктарын жана милдеттерин аныктаган укуктук нормаларды камтыган укуктун эки же андан көп субъектилеринин келишими;

– *юридикалык доктрина* – натыйжасында мамлекет тарабынан таанылып, юридикалык иштерди чечүүдө колдонулуусу мүмкүн болгон илимий трактаттарда жазылган авторитеттүү окумуштуу юристтердин идеяларынын жана ой пикирлеринин жыйындысы.

**«Формалдык юридикалык булактар Кыргыз Республикасыныны укуктук системасынын түзүмдүү функционалдык элементи катары» экинчи глава** укуктук ой пикирлердин өнүгүүсүнүн түрдүү этаптарында, жана ошондой эле заманбап юридикалык илимде орун алган укукту колдонуунун түрдүү типтеринин контекстинде укуктун булактары тууралуу түшүнүктөрдүн түзүлүү процессин талдоого арналган.

***«Ченемдик укуктук акт заманбап кыргыз укугунун булагы катары» биринчи бөлүмүндө –*** ченемдик укуктук актынын Кыргыз Республикасынын укуктук системасынын түзүмдүү функционалдык элементик катары түшүнүгү жана белгилери, анын заманбап Кыргызстандагы коомдук мамилелерди жөнгө салуу механизминдеги орду ачыкталат.

Укуктун система – бул коомдун укуктук жашоосунун компдекстүү түрдө мүнөздөгүн юридикалык каражаттардын, методдордун жана процедуралардын өз ара байланышкан жана өз ара аракеттешкен органикалык системасы болгондугун эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын улуттук укуктук системасы белгилүү мамлекеттин чегинде түзүлгөн жана иштеген юридикалык көрүнүштөрдүн комплекси катары каралып, Кыргыз Республикасынын укуктук системасынын Түзүмдүү функционалдык элементтери болуп булар эсептелет:

– ченемдик элементтер (укуктун принциптери, укуктун булактары, укуктун системасы, мыйзамчыгаруучулуктун системасы);

– социологиялык элементтер (укуктук аң сезим, укуктук маданият, юридикалык техникалык, юридикалык практика);

– институционалдык элементте (укук чыгаруучу жана укук колдонуучу функцияларды аткаруучу мамлекеттик бийлик органдарынын системасы).

Укуктун булактары болуп Кыргыз Республикасынын түзүмдүү функционалдык элементтери эсептелет. Кыргыз Республикасынын укуктун булактарынын негизги мүнөздөмөсү Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана бир катар ченемдик укуктук актыларда чагылдырылып, укуктун булактарынын көптүгү жана алардын ортосундагы түрдүү өз ара байланыштардын бар болгондугу белгиленет.

Кыргыз Республикасынын укуктун булактарынын системасындагы жана укуктук системасындагы маанилүү ролду жалпысынан кыргыз укугунун негизги булагы болгон ченемдик укуктук акты ойнойт.

Заманбап Кыргызстандын мыйзамчыгаруучулугунда Кыргыз Республикасынын «Ченемдик укуктук актылары жөнүндө» (2009-ж.) Мыйзамында бекитилген ченемдик укуктук актылардын легалдык аныктамасы бар: «ченемдик укуктук акты - бул ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын (кызмат адамынын), жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын компетенциясынын чегинде же болбосо референдум аркылуу кабыл алынган (чыгарылган), укук ченемдерин (укуктук ченемдерди) белгилөөгө, өзгөртүүгө же жокко чыгарууга багытталган, аныкталган формадагы расмий документ» (2-берене).

«Ченемдик укуктук акт» түшүнүгүнүн легалдашуусу ченем чыгаруучу жана укук колдонуучулукта бирдиктүүлүктү аныктоого түрткү жаратат. Төмөнкү укуктук аныктамалар өзүнүн бекитилүүсүнө ээ болгон: «мыйзамчыгаруучулук», «ченемдик укуктук актылары», «ченем чыгаруучу ишмердүүлүк», ченем чыгаруучу техника», «мыйзамчыгаруучулуктагы кемчиликтер», «укуктун нормалары (укуктук норма)», «ченемдик укуктук актылардын юридикалык күчү».

Коомдук мамилелерди укуктук жөнгө салуу чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актылардан бар болуусу санцияланган: Кыргыз Республикасынын Конституциясы, конституциялык мыйзам, кодекс, мыйзам, Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгы, Жогорку Кеңештин токтому, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын токтому, Кыргыз Республикасынын шайлоолор жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясынын токтому, жергиликтүү өзүн өзү башкаруу өкүлчүлүктүү органдарынын токтому (Кыргыз Республикасынын «Ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамынын 4-беренеси).

Мамлекеттин укуктук системасындагы ченемдик укуктук актылардын системасы мамлекеттин формасынын өзгөчөлүктөрү менен детерминацияланган. Кыргыз Республикасынынын мыйзамчыгаруучулук системасы мамлекеттин формасы башкаруунун республикалык формасы, мамлекеттик түзүлүштүн унитардык формасы, демократиялык саясий режим болгондугун эске алуу менен курулган.

Мыйзамчыгаруучулук системасында бардык ченемдик укуктук актылар бул актылардын юридикалык күчүнүн негизинде курулуп, өз арасында субординардык байланыштарга ээ. Кыргыз Республикасында жогорку юридикалык күчкө Кыргыз Республикасынын Конституциясы ээ.

Заманбап кыргыз укугунун булагы катары ченемдик укуктук актылардын коомдук мамилелердин укуктук жөнгө салынуусундагы орду төмөнкү факторлор менен аныкталат:

– ченемдик укуктук акт укуктун субъектилеринин жалпыга милдеттүү болгон аракеттердин моделдерин куруунун негизги каражаты болуп эсептелет;

– ченемдик укуктук акты көз карандысыз саясий коомдоу көз карандысыз түрдө коомдук мамилелердин бардык системасын жакшыртуу үчүн максатталган саясий программалардын татаал жана дифференцирленген негиздерин укуктун тилине которуунун суверендин карамагында болгон жалгыз каражаты эсептелет;

– ченемдик укуктук акт суверендин эркин билдирет жана коомдук мамилелердын модификациясын камсыз кылат.

Кыргыз Республикасынын укуктук системасында дагы бир маанилүү актуалдуу маселе – бул Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн декреттеринин укук булактары системасындагы ордун аныктоо маселеси.

Бул маселени кароодо Убактылуу Өкмөттүн статусу жана “декрет” түшүнүгүнүн аныктамасы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында камтылбагандыгын, ошол эле учурда азыркы Кыргызстандын турмуштук реалдуулугунун шарттарында, Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн декреттери жалпыга милдеттүү юридикалык статусу берилген.

Декрет өлкөдө болуп өткөн революциялык коомдук-саясий окуялардын натыйжасында түзүлгөн убактылуу органдын актылары экендигин эске алганда, алар кырдаалды турукташтыруу шарттарында өз ыйгарым укуктарын мыйзам чыгаруу компетенциясына ээ органдарга өткөрүп

берилиши керек, ошол эле учурда Кыргыз Республикасынын "Ченемдик укуктук актылар жөнүндө" Мыйзамына бул документти камтууга эч кандай негиз жок деп эсептейбиз. Анткени, декреттерди революциялык органдардын актылары катары мыйзам чыгаруу деңгээлинде өзгөчө кырдаалдарды жаратуу статусун берүүдө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жол-жоболорду бузуу менен бийликтин алмашуу мүмкүнчүлүгүн таанууну бекемдейт.

***«Кыргыз Республикасында коомдук мамилелерди социалдык жөнгө салуучу системасындагы адат укугу» - экинчи бөлүмүндө*** – укуктук салттын түшүнүгү жана белгилери Кыргыз Республикасынын укуктук системасынын түзүмдүү функционалдык элементтери катары ачыкталып, анын заманбап Кыргызстандагы коомдук мамилелерди жөнгө салуу механизминде анын орду белгиленет.

Диссертант салт – уникалдуу цивилазацияланган феномен – бир нече жолу, туруктуу түрдө коомдогу аныкталган жүрүм турум эрежелерин кайталоонун натыйжасында орун алган социалдык жөнгө салуучу, ченемди түшүндүргөндүгүнө таянган. Кыргыздардын салттык коомдо адат укуктук нормалар коомдук мамилелердин стабилдүүлүгүн жана туруктуулук камсыз кылган укуктук ченемдер, салттар өзүнүн жашоосуна бүгүн да ээ.

Салттын укуктук салтка айлануусунун шарттары болуп мамлекеттин санкциясы эсептелет. Заманбап Кыргызстанда укуктук салттардын санкциялануусуун ыкмалары булар саналат:

– суверендик ачык буйругу салт тууралуу эскертүүнү камтыган шилтеме нормаларды камтыган ченемдик укуктук актыны чыгаруу жолу менен;

– суверендин үн чыгарбаган буйругу (мисалы, салтка шилтемеси бар соттук чечим).

Заманбап Кыргызстандын укуктук системасындагы санкция түрдүү ыкмалар менен салтка маани бергендиги аныкталды: мыйзамдар, соттук практика, жергиликтүү органдардын токтому. Салттарды мамлекеттик санкциялоонун негизги ыкмаларына булар кирет: мыйзамчыгаруучулук, укук колдонуучулук, ведомстволук, келишимдик, үн чыгарбай макул болуу.

Салттарды кыргыз укугунуун булагы катары таанууда маанилүү роллу Кыргыз Республикасынын Конституциясында 37-беренесинде мамлекеттин адамды эркиндиктерине жана укуктарына каршы келбеген элдик салттарды, каадаларды колдоо тууралуу милдети бекитилген.

Ченемдтк укуктук актыларда адат укугунун алкагынды түзүлгөн терминдер чагылдырылган: «айып», «аксакалдар соту», «курултай»; тарыхый түрдө калыптанган салттарды эске алуу менен улуттук маданий майрамдардын уюшулуусу жана жүргүзүлүүсүнө тиешелүү болгон ченемдердин бекитилүүсү орун алган.

Республикада расмий майрамдар катары салттуу түрдө белгиленген Нооруз, диний майрамдар Орозо-айт (Рамадан) жана Курман-айт (Курман майрамы) таанылган. Бул майрамдардын өткөрүлүүсү элдик салттарды жана

каадаларды, улуттар аралук макулдукту жана Кыргызстан элинин биримдигин бекемдөөгө түрткү жаратат.

Заманбап Кыргызстанда түрдүү тойлордун өткөрүү практикасы, анын ичинде: үйлөнүү тою (үлпөт той же үйлөнүү той), кыз узатуу той, бешик той или жээнтек той, "тушоо кесүү той", сүннөт той, жана мындай иш чараларды коомдук мамилелердин азыркы абалына болгон уюшулуусунун адекваттуу эмес учуралары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Элдик салттар жана каадалардын прогрессивдик формаларын өнүктүрүү жөнүндө» Токтомун кабыл алуусун шарттап (1999-ж.) [Постановление Правительства Кыргызской Республики от 12 мая 1999 г. № 254 «О развитии прогрессивных форм народных традиций и обычаев» // – Эркин Тоо. – 1999. – 13 мая. – № 87], ошондой эле ал маңызы боюнча «улуттук салттардын ашыгы менен өткөрүү боюнча жасалма түрдө өрчүтүлгөн формасына каршы багытталган, калктын чыгымдарын кыскартууга, улуттук салттарга жакын болгондугунун имиджин колдоо үчүн ашыгы менен чыгымдоого бөгөт коюуну максаттайт.

Заманбап Кыргызстанда укуктку салттардын үлгүлөрү болуп бул эрежелер эсептелет: Жогорку Кеңещтин биринчи отурумун жаш курагы боюнча Жогорку Кеңештин депутатынын ачуусу; жаран Кыргызстандын элинин өкүлдөрү түзгөн улуттардын салтына туура келсе фамилиясын, атын жана ошондой эле атасынын атын түзгөн өзүнүн аты менен укуктарына жана милдеттерине ээ болот жана аларды аткарат [Гражданский кодекс Кыргызской Республики от 8 мая 1996 г. № 15 (часть I) (с изменениями и дополнениями по состоянию на 3 августа 2013 г.) // Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики. 1996. № 6. Ст. 80. Ст. 54.]; атасынын аты атасынын аты же улуттук салтын эске алуу менен берилет [Семейный кодекс Кыргызской Республики от 30 августа 2003 г. № 201 (с изменениями и дополнениями по состоянию на 16 июля 2012 г.) // Эркин Тоо. –2003. –5 сентября. – № 68–69; Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики. – 2004. – № 1. –Ст. 1. – П. 2 ст. 63].

Салттарга укуктук мүнөздү берүү прогрессивдик салттарды жана өзүнүн функцияларын натыйжалуу ишке ашуусун бекемдөөгө түрткү жаратат. Ошону менен биргеликте укуктук салттын заманбап Кыргызстанда коомдук мамилелердин жөнгө салынуусундагы ролу жана орду тийиштүү илимий талдануусуна ээ болгон эмес, бүгүнкү күнгө чейин алардын бир ктары илимий жүгүртүүгө киргизилген эмес, ошондуктан алардын коомдук мамилелеринин жөнгө салынуусунун потенциалы толук өлчөмдө колдонулбайт.

***«Кыргыз Республикасында коомдук мамилелерге болгон натыйжалуу таасир көрсөтүү үчүн юридикалык прецеденттин мүмкүнчүлүктөрү» үчүнчү бөлүмүндө*** – юридикалык прецедентин мүнөздөмөсү берилет жана анын заманбап Кыргызстандагы коомдук мамилелердин жөнгө салынуусундагы колдонулуусунун перспективалары бааланат.

Соттук прецеденттин романдык германдык укуктук үй бүлөлөргө таандык болгон өлкөлөрдөгү укуктун булактары катары таанылуу суроолору бүгүнкү күнгө чейин окумуштуулардын жана укук колдонуучулардын дискуссиясын чакырып, карама каршы келген ой пикирлерин айтып, алардын

ичинен буларды атаса болот: «соттук практиканы укуктун булагы деп таанууга болбойт» (М. К. Сулейменов), бекитилүүсүнө чейин мыйзамчыгаруучу көп учурда ситуативдик жана баалоочу түшүнүктөрдү киргизүүгө мажбур болуп, ченемдерди түзүүгө шарт түзөт (М. Т. Алимбеков).

Англо саксондук укуктук үй бүлөдөгү өлкөлөрдө прецеденттин пайда болуу мүмкүнчүлүгү апелляциялык сотторго берилет (мисалы, Корольдун соту, Жогорку соту, Улуу Британиядагы Лорддор палатасы), калган соттор алардын чечими менен жетектелүүсү милдеттүү. Роман германдык укуктук үй бүлөдөгү өлкөлөрүндө бардык деңгээлдеги соттор иштеп жаткан мыйзамчыгаруучулуктун негизинде сот адилеттигин аткарууга милдеттүү. Бирок Конституциялык сот тигил же бул конституциялык эмес актылар боюнча чечим чыгаруу менен тийиштүү укуктук мамилелерди жөнгө салган укуктук нормаларды өзгөртөт. Заманбап дүйнөдө түрдүү улуттук укуктук системалардагы укуктун булактарыын жакындату тенденциясы айкын бойдон калууда.

Укуктук прецеденттин заманбап Кыргызстандагы укуктун булактары катары колдонуу мүмкүнчүлүктөрү боюнча жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыгында булар аныкталган:

– Кыргызстандын заманбап юридикалык илиминде укуктун булактары катары укуктук прецеденттин колдонуунун теоретикалык методологиялык негиздери аныкталган эмес;

– укуктук прецеденттин заманбап Кыргызстандын укуктун булактары катары колдонуу мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо үчүн бирдиктүү ыкма иштелип чыккан эмес;

– соттук прецеденттик заманбап Кыргызстанда укуктун булактары катары таануунун ченемдик негиздери жок (Кыргыз Республикасынын Конституциясы, Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын сотторунун статусу жөнүндө» Конституциялык Мыйзамы, «Жогорку соттун Конституциялык палатасы жөнүндө» Конституциялык Мыйзамы, Кыргыз Республикасынын «Ченемдик укуктук актылары жөнүндө» мыйзамы Республиканын сотторун укуктун ченемдерин чыгарууга ыйгарымдабайт; Кыргызстандын соттору мыйзамчыгаруучу тарабынан ченем чыгаруунун субъектиси катары каралбайт; соттордун актылары ченемдик укуктук актылардын системасына кирген эмес);

– Кыргызстандын соттору ченемдик укуктук актыларда бекитилген укуктук көрсөтмөлөргө таянуу менен иштерди карайт; соттук практикага кайрылуу учурлары аз (жогорку соттук инстанциялардын түшүндүрмөсү, конституция сот адилеттигинин органынын мыйзамдарын талкуулоо ишти чечүүдө жардам көрсөтөт жана фактылык түрдө ченемди аныктай албайт: Кыргыз Республикасында конкреттүү иш боюнча колдонулуучу укуктук нормалардын жок болгон учурунда соттор сот адилеттигинин органдарынын жетектөөчү түшүндүрмөлөрүн эмес, укуктун нормаларына болгон шилтемени милдеттүү түрдө колдонуусу зарыл).

